# 1-секция. ЖОЖдор жана орто окуу жайларындагы инновациялык технологиялар

***Дүйшеев Ж.А.*** *- ЭИУ*

## *Жогорку билим берүүнүн айрым дурус жана буруш маселелери*

***Аннотация***

*Жогорку билим берүүнүн көйгөйлөрү акыркы учурда актуалдуу болууда. Өзгөчө " Болон процессине" өтүүдө проблемалардын курч коюлушу күтүлүүдө. Макалада өлкөдөгү Жогорку билим маселелери козголуп, айрым пикирлер сунушталат.*

*Некоторые позитивные и негативные стороны высшего образования*

***Аннотация***

*В последнее время особенно актуальны проблемы высшего образования. При переходе на "Болонский процесс" эти проблемы будут становиться особенно остро. В статье затрагиваются задачи Высшего образования и предлагаются некоторые предложения.*

*Positive and negative questions of high edication*

***Resume.***

*Lately it's especially issue of the day problems of higheducation. By changing to Bolon process this problems will put especially sharply. In this article touches upon a subjectof high education and offers some opinions.*

Билимдин коомдогу баалуулугу жана XXI кылымдагы кызматы ири маселе жана өзгөчө орунда турат. Бул өзгөчөлүк XXкылымдын ортосунан башталган жана акыркы жылдарда өрүш алууда же социалдык, саясий, экономикалык жана маданий багыттардагыдай эле билим берүүдө да алмашуулар күчөөдө.

Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө, билим берүү системасында жаңылык жасоо жана дүйнөлүк стандартка жетүү максатында умтулуулар күчөөдө. Бул жаңылыктар, системанын реформаларын мекемелерде заманга ылайыкташтыруу, билим берүүдө колдонулган куралдардын технологияга шайкеш келүүсүн, мугалимдердин билимин жогорулатуу, окуу системасында жасала турган өзгөрүү жолу менен үйрөтүү жана үйрөнүү процессинин өнүгүүсүн камтыйт. Ушулардын бардыгы ар бир адамдын билим алуусунда билим саясатынын жана стратегияларынын негизин түзөт.

Билим берүү багытындагы жаңылануулардын же реформалардын дүйнөлүк стандарттагы көрүнүштөрүнөн төмөнкү окшоштуктарды байкоого болот:

- Чечимге ылайык маалымат чогултуу;
- Гипотезалардын өнүгүүсү;
- Тыянак жана корутундуга жетүү;
- Чечимди даярдоо;
- Иш түрүндө колдонууга өтүү.

Жогорудагыларды карап келип Кыргызстандын билим көйгөйлөрүн мындайча белгилейбиз:

Кыргызстандын билим берүү системасынын негизги көйгөйлөрү

Заманбап жана өнүккөн өлкөлөр 2020-жылга чейинки убакытта билим берүү системасын бүтүн бойдон өмүр бою окуу келечегине ылайыктаган стратегиялык максаттагы адистерди даярдоону колго алган. Көрсөтүлгөн убакытка чейин анын өтөсүнө чыгуу үчүн төмөнкү төрт багыт тандалып аныкталган:

1. Өмүр бою окууну жана аракеттенүүнү жүзөгө ашыруу;
2. Окуу системасынын сапатын жогорулатуу;
3. Социалдык теңдикти колдоо жана жарандык жигердүүлүктү күчөтүү;

4. Билим берүүдө ишмердүүлүк, креативдүүлүк жана инновациялык сапаттарды күчөтүү.

Өнүккөн өлкөлөр катарына кире элек мамлекеттердин бул багыттагы жасай турган негизги иши–өнүккөн өлкөлөрдүн билим тажрыйбасынан жеткиликтүү даражада пайдалануу. Ал үчүн мамлекет билим берүү системасы аркылуу:

- Коом менен биригүү;
- Өнүгүүнүн локомотиви болуу;
- Максатты туура коюу;
- Кирешени жогорулатуу;
- Билимди жайылтуу;
- Коррупциялык иштерди алдын алуусу жана эскертүүсү зарыл.

Кыргызстандын билим берүү системасындагы проблемалар ири даражада мындайча бөлүнөт:

1. Калктын санына алганда жаштар менен өспүрөмдөрдүн санынын көптүгү;
2. Мамлекеттик бюджеттен бөлүнүүчү каражаттын аздыгы;
3. Окутуучулардын маянасынын аздыгы жана жетишпестиги (комплектация);
4. Окутуучуга салыштырмалуу студенттин санынын көптүгү;
5. Окуу имараттарынын (инфраструктура) жетишсиздиги;
6. Адистиктердин тең эмес бөлүштүлүшү;
7. Кадрларды кайра даярдоо саясатында башкармалыктын саясий эрксиздиктери;
8. Билим берүү системасынын ар баскычтарында туура көзөмөлдүн жоктугу.

Бир канча өнүгүүлөргө карабай, билим тууралуу керек болгондорду ишке ашыруу темасында көптөгөн жумуштар жасалган. Билим берүү системасынын өнүгүүсү, мектептин инфраструктурасы жана керектүү аппаратка ээ болуусу, окутуучу-окуучу компенсациясы, жеткиликтүү санда китеп, курал-жарак ж.б. керектүү нерселерге ээ болуусу, Кыргызстандын муктаж болгондорунун ичинде болгондугуна карабастан саясат туура колдонулбагандыгы жана өткөөл практика менен проблемага чечим изденилүүдө.

Проблемалардын көбөйүүсүнүн алдын алуу үчүн заманбап билим берүү стратегияларында моделдүү өнүктүрүү жана бул моделдерди иш жүзүнө ашыруу керек. Кыргыз Республикасынын кыска жана узун жолдогу өнүгүү максатын жана социалдык зарылчылыктарды көз алдына алып, бирге иштешүүнүн жардамы менен билим берүү багытында социалдык, маданий жактан иштешүүнү камсыздыкка алып, керектүү проект жана программалар даярдалуусу керек. Ал үчүн:

1. Билим берүү инфраструктураны; жаңылоо, өнүктүрүү, заманбапташтыруу – билим берген кызматкердин; билим берүү башкармалыгын, окутуучуларын, билим берүү инспекторлорунун билимин жогорулатуу – Идеалдуу класстардын чоңдугу; билим берүүдөгү материалдары жана жардам берүү кызматтары;
2. Билим жумушка орнотуу, жумушка орнотуу билим тең салмактуулугу – Өмүр бою активдүү иш үчүн билим берүү программаларын өнүктүрүү – ар бир жашта билимди жогорулатуу, билимдүүлөргө жумуш менен камсыз кылууда жеңилдик жаратуу;
3. Технологиялык колдоо көрсөтүү, адистик программаларды иш жүзүнө ашыруу Коомдун ар бир бөлүмүнө окуу программасын жана жетекчилик кызматтарды берүү Коомдун билим берүү сапатын жогорулатуучу тажрыйбаларын өнүктүрүүүчүн жумуш менен камсыз кылууда ар түрдүү жолдорду тандоо зарылдыктары бар.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин өнүккөн өлкөлөрдүн билим берүү тажрыйбасынан жеткиликтүү даражада пайдаланууга жасаган аракети төмөнкү маселелерди камтыса дурус болчудай:

1. Максаттын туура белгилениши (Билим берүүнүн коомдук маселеге айланышы);
2. Окуунун стандартын камсыздоо;
3. Билимдин жогорку деңгээлин камсыздоо;
4. Кирешени жогорулатуу;
5. Билим берүү мекемелеринде күн бою иштөөгө өтүүсү;
6. Окуу программаларын изилдөө, хнология жана иштеп чыгарууга даярдык жасоо;
7. Профессионалдык жана технологиялык билим берүү мекемелерин ачууда колдоо көрсөтүү;
8. Жогорку Билим берүү мыйзамына карата Жогорку окуу жайларын ачуу;
9. Илимий иштердегидей башкаруу жана каражат боюнча маалыматтар ректоратка жана университетке өнөктөш мекемелерге берилүүсү керек.
10. Сынактардан өткөндөр жогорку окуу жайга алынуусу зарыл, стипендия берүү механизми курулушу керек жана белгилүү бир квота ажыратуу менен бирге колунда жок студенттерди акысыз окутуу керек.
11. Жогорку окуу жайлар жайгашкан жерде экономикалык, коомдук жана маданий жактан өнүгүүнүн жана жайылуунун алдыга умтулуучу күчү бар экени чындык. Ошондуктан жергиликтүү бийлик тарабынан окуу жайлардын өтүнүчтөрү түшүнүү менен кабыл алынышы коом үчүн пайдалуу.
12. Университеттердеги негизги проблемалардын бири, мугалимдердин жетишсиздиги жана сапатсыздыгы. Сапаттуулукту жогорулатуунун биринчи баскычы катары мугалимдердин тең салмактуу жана көңүл бөлүп иштөө мүмкүнчүлүктөрү.
13. Илимий даражаларды коргоо өтө маанилүү. Илимий изилдөөдөгү эң кыйын жана маанилүү кезеңи доктордук диссертацияны коргоо кези. Бул кезде алган билим жана тажрыйбалар, чоң мүмкүнчүлүктө академиянын келечектеги ийгиликтерин белгилейт. Бирок университеттерде илим изилдөөдө эң акыркы даража наам болуп доценттик кабыл алынууда жана баардык күч доценттик наамын алууга сарпталып жатат. Акыркы жылдарда жасалган өзгөртүүлөрдө доктордук билимдин баркындагы да түшүрүп, бүгүнкү күндө доктордук билим алууга көңүл бурулбай жатат. Бул абал доктордук билим алып жаткан студенттин сапатсыз билим алуусуна себеп болууда жана илимий изилдөөлөрдө бир топ тоскоолдуктарга туш болууда. Доктордук наамы жок мугалимдерге берилген доценттик наамынын кереги аз. Булболсо тек кана мугалимдердин коом алдында баркынын жоголуусуна себеп болууда.
14. Изилдөөлөргө керектүү окуу куралдары болуу керек. Социалдык жана экономикалык жактан натыйжага ээ болгон изилдөөлөргө көңүл бурулуусу керек. Изилдөө иштери үчүн көбүнчө университет, факультет жана кафедралар тарабынан жоопкерчилик мойнуна алынып керектүү адабияттар менен камсыз кылынуусу керек.
15. Каражаттык жана башкаруу өз алдынча болуусу керек. Европа биримдүүлүгү жана дүйнө менен биригүүдө бул өтө маңыздуу.
16. Өнүккөн өлкөлөрдө адистикке даярдоо мектептен башталат. Кыргызстанда болсо адистикке даярдоо жогорку окуу жайларда гана ишке ашат. Адистикке

даярдоо ишине көп көңүл бурулуусу керек. Окуу программалары технологиялык системада даярдалуусу, айрыкча практикага маани берилүүсү керек.

17. Мамлекеттик көзөмөл. Мамлекет тарабынан жүргүзүлгөн көзөмөлдөр борбордук администрацияга баш иет. Академиялык кадрларга башчылардын көзөмөлдөө укугу берилбеген. Администрацияда иштегендер көбүнчө кызматка дайындоо жана жогорку көзөмөлгө баш ийүү, администрация катары кол астындагы кадрларга жоопкерчиликсиздикти камсыз кылат. Ийгиликсиз натыйжа берген кызматкерлерди көзөмөлгө алуу бир гана ректоратка тиешелүү болсо, эң көп добуш алган талапкердин жарым добушундагы ала албаган талапкерлердин дайындалуусу шайлоону «шайлоо» болуудан алыстатат.

Академиялык наамын жогорулатууда, кадрларды бөлүштүрүүдө, ошондой эле илимий изилдөөлөрдөгү абалда иштин аткарылышында эч кандай кепилдик жана көзөмөлдүн болбоосу, администрациянын кол астында иштеген кадрларга карата маани берилбеген иштерге жол ачылууда.

18. Каражаттык маселеси. Жогорку билим берүүдө негизги проблемалардын бири бюджеттен жана бир жылдык кирешеден алынган акчанын аздыгы. Өнүккөн өлкөлөрдө билимге бир жылдык кирешеден бөлүнгөн акча 5.6-7.1%, башка өлкөлөр үчүн бул көрүнүш 0% -1% болот. Жогорку билим берүүгө кеткен каражаттын бир жылдык кирешеге болгон ставкасы өнүккөн өлкөлөрдө 0.6-1.6% экен, Кыргызстанда бул ставка 0.3% чамасында. Бирок бул сандар чындыгында улуттук кирешеге тиешелүү болуп, өнүккөн өлкөлөрдө ар бир адам башына түшкөн улуттук киреше 10,20 жана 30 миң доллар болсо, Кыргызстанда улуттук кирешенин өтө аз даражада болгону эскертилет. Бул ставка бардык өнүгүп келе жаткан мамлекеттерде барган сайын азаюуда.

Окутуучулардын көйгөйлөрү жана көзөмөлсүздүгү

Академиялык проблемалар: академиялык наамды жогорулатууда жана кызматка дайындоодо сапаттуулук жана ылайыктуулуктун ордуна жакындык жана берилген добуш саны негизги ролду аткарууда. Кызмат кылган адам болсо экинчи кезекте калууда. Окутуучуларга берилген кызмат орду жана башка кызматка жогорулоого болгон талаптар тууразмес. Доценттик жана профессордук этаптарда стандартизация сакталбаган. Кызматка дайындоодо квалификациялуу кызматкер издөөнүно рдуна, бирөөнүн колдоосу аркылуу кызматка келүү жана администрацияга жакын болуу алдынкы планга коюлган. Чет өлкөгө студент жөнөтүүдө алдын ала даярдалган керектүү программа жок. Жөнөтүлгөн студенттер көзөмөлсүз калууда. Жөнөтүлгөндөрдүн бир бөлүгү себепсиз кайра чакырылууда, бир бөлүгү ийгиликсиз болууда. Окуусун ийгиликтүү аяктап, өзөлкөсүнө келгендерди болсо кадр проблемасы жана мүмкүнчүлүксүздүктөр күтүүдө. Бул жаш изилдөөчүлөр же аркага чегинип же кыска мөөнөттүн ичинде билим алган өлкөгө кайтып кетүүгө аракеттенишүүдө.

Магистратура жана доктордук наамга ээ болгондор болсо доценттик же профессордук баскычтарда бир топ кыйындыктарга туш келүүдө.

Маянанын жетишсиздиги: Илимпоздорго берилген маяналар жеткиликсиз. Университетте окутуучуларга маяна, алар менен бирге иштеген кызматкерлер, башка коомдо иштегендер, келишим менен иштеген кызматкерлерден аз берилет. Бул натыйжа мыкты окутуучу болууга тоскоол болуп, жаңы өсүп келе жаткан жаштар башка адистиктерди тандоого мажбур болушууда. Профессионал кызматкерлер болсо экономикалык жактан мүмкүнчүлүк көп болгон жеке сектор же башка коомдук секторлордо кураторлукка жөнөтүлүүдө.

Жеткиликсиз экономикалык шарттар жана окуу жүгүнүн көбөйүүсү, жеткиликсиз жогорку билим берүү программалары илимий изилдөөлөргө жеткиликсиздикке жол ачууда жана тажрыйбалуу окутуучулардын санына зайтууда.

**Корутунду**

Кыргызстандын билим берүү системасы Европа стандартына карата жаңыдан жасалуусу зарыл. Бул өзгөрүүдөгү негизги баскычтар; окуу имараттарынын инфрастуктурасы, окутуучулары, социалдык структурасы, окуу программасы, технологиялык квалификациясы, жетекчилери, сапаттын стандарты болуу керек.

Билим берүү системасын жаңыдан жасоодо мурунку ийгиликтүү болгон тажрыйбалардын теориясын жана куралдарын кайрадан иштеп чыгаруу керек.

***Адабияттар***

1. *Aslanoğl İbrahim,*Türk Eğitim Sistemi,Ankara,1997
2. *Aytekin Halil;* Öğretmenlik Mesleğine Giriş,Ankara-2001
3. *Bursalıoğlu Ziya;* Okul Yönetiminde Yeni Yapı ve Davranış,Ankara-1991
4. *Erdoğan İrfan;* Öğrenmek,Gelişmek,Özgürleşmek,İstanbul-2004
5. *Hiçk H.G and Gullet*; R Organizations:Thori and Behavior,Dokyo-1975
6. MEB,Milli Eğitim Dergisi,2000 Yılı Nüshaları
7. *Дүйшеев Ж.А.* Гуманитардык билим берүүнүн үзгүлтүксүздүгү. Б.2011. “Ыйык-Ата журт” коому
8. http://www.tika.gov.tr/
9. www.turkstudent.net/
10. www.e-dergi.atauni.edu.tr/